

Президенттин кабыл алуусунда

● Алакандай болсо да, Ата журт кымбат адамга

# “Зарыл ишиң болбосо, Зардалыда эмне бар?”

Даярдаган Бактыгүл ЧОТУРОВА, “Кыргыз Туусу”

***Жакында Президент Алмазбек Атамбаев “Зарыл ишиң болбосо, Зардалыда эмне бар?” аттуу даректүү кыска метраждуу кино тасманын авторлору – жаш режиссер Абдулалим Мамадалиев, идеянын автору КРнын эл артисти Молдосейит Мамбетакунов, режиссер-монтаждоочу КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Рая Шерشеновaны кабыл алып, Баткен облусунун Баткен районундагы алыскы Зардалы айылынын тургундарынын жашоо-шартын чагылдырган фильм жараткандыгы үчүн ыраазычылык билдирди.***

“Бул туулуп-өскөн айылды, Мекенди сүйүү тууралуу жакшы фильм. Алыскы, тоолуу, чек арага канатташ айылда жашаган кыргызстандыктардын эмгекчилдиги жана кайратмандыгы жөнүндө. Дал ушул жарандарыбыз мамлекетибизди бекемдеп, мекенчилдиктин жана каармандыктын үлгүсүн көрсөтүшөт. Фильм алыскы тоолуу айылдын чече турган маселелери тууралуу кеп козгогону менен, позитивизмге жана жакшылыкка үндөп, көрөрмандарга дем берип турат”, – деди Алмазбек Атамбаев.

Идея мындан үч жылдай мурун Бүбүсара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинде режиссердук факультетинде сабак берип жүргөндө Молдосейит Мамбетакуновдун демилгеси менен башталып, студенттердин дипломдук иши катары тартылган. Мыкты тартылгандыгы үчүн эл аралык “Ак илбирс” кино фестивалында 1-орунду жеңип алган.

Аталган кинотасманы мамлекет башчысы КТРКнын “Дебют” программасынан көрүп, өзөктүү идеясын жактырып, чек арага жакын Зардалынын тургундарынын табияттын катаалдыгына карабай туулган жерди туу тутуп, жашоого ыраазы болуу менен күн кечирип жатышкан элдин турмушун ажайып чагылдырган чыгармачыл топту атайын чакырткан. Авторлор менен жолугушууда Президент жакшы маанайда аңгемелешүү менен сыйлыктарды тапшырды. Ошондой эле мамлекеттик программалардын алкагында Зардалы айылынын жашоочуларынын көйгөйлөрүн чечүүнү көзөмөлгө алуу, анын ичинде айылдын статусун аныктоо боюнча тиешелүү органдарга тапшырма берди. Президенттик фонддон Зардалы айылынын мектебин электр энергиясын иштеп чыгуучу жабдуу, компьютерлер, окуу куралдары, көркөм китептер менен камсыз кылуу үчүн көмөк көрсөтүлмөкчү болду.

***Бул кино тасма тууралуу редакциябызга окурмандардан түшкөн пикирлерге гезит бетинен орун бердик.***

Бурул КАЛЧАБАЕВА, драматург:

Менимче, алыскы айылдын турмушун, көйгөйүн, үмүтүн көрсөткөн биринчи фильм. Кыргызстанда мындай канча айыл бар. Ошолордун ал-акыбалын сурап, өнүгүүсүнө жардам берсе, оокатын оңдоп кетет. Электрдин баасын көтөрдү деп өкмөттү сөгүп олтурабыз. Зардалылыктар өлүмтүгүн артпай эле жерин айдап, буудайын чогултуп, суу тегирменге салдырып, анан тандырга жаап, жыты буркураган нан жеп олтурушат. Мен балалыкка барып келгендей болдум.

Атантай АКБАРОВ, акын:

– Элетти көтөрсөк, чек ара бекемделет, агрардык жактан алга жылуу болот. Анын үстүнө элетте кыргыздын тамыры, мүнөздүк өзгөчөлүктөрү, кыргыз руху сакталган. Андыктан, жаштарыбыз кино жаатында элет проблемаларын көтөрүп, элеттиктердин турмушун чагылдырып, өлкөбүздүн өнүгүшүнө, мамлекетибиздин чыңдалышына салым кошо турган жакшы картиналарды жаратса, бул жакшы саамалык.

Бекташ ШАМШИЕВ, адабият изилдөөчү:

“Зарыл ишиң болбосо, Зардалыда эмне бар?” деген сөз кыязы ошол айылга бара турган татаал жол азабынан чыкса керек. Анын үстүнө ал айыл көпчүлүккө жазуучу Мурза Гапаровдун фантазиясы аркылуу жетип, кызыгууну күчөтүп койгон. Кыска метраждуу тасма чынында да жакшы тартылыптыр. Карапайым элеттиктердин жөн-жай турмушу, алыскы тоо арасындагы бир калыптагы турмуш жасалгасы жок, жөнөкөй тилде баяндалыптыр. Негизи эле бизде кыска метраждуу тасмалар мыкты чыгат. Көркөм өнөрдүн башталышына жол ачкан бул форманын кадыресе салты да калыптанып калбадыбы! Анын үстүнө чоң кино таланттардын көбү чыгармачылыгын мына ушул кичи жанрдан башташат.

Жолдош ТУРДУБАЕВ, “Мугалимдер гезитинин” бөлүм башчысы:

Абдан сонун, мен эки ирет кайталап көрдүм. Бир кезде «Өрүкзардагы баян» деген көркөм фильм чыккан эле ажайып, ошону да эске салат. Нукура кыргыздын таза, тунук ой-санаасын чагылдырган, татыктуу жашоонун өзөгүн көрсөткөн фильм. Азыр жылтырак, дүңгүрөккө азгырылып эле шаарга агылган жаштарды ойлонтуп, жалаң байлык менен бийликтен башканы көрбөй калган «элитаны» жоопкерчиликке чакырган, элди да ойгото турган тасма болуптур.

Жылдыз МУСАБЕКОВА, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, журналист:

Тээ «Асабада» кезимен эле билем, кулакта калган бул сөз – «Зарыл жумуш болбосо, Зардалыда эмне бар?» – укканда эле көп нерсеге ойлондурат. Ал жердеги зардалылыктардын оор турмушу жөнүндө жазылчу. Бирок мурун бир да бийлик көңүл бөлгөн эмес эле.



Эми жакында Президент ал кино тарткан чыгармачыл топту кабыл алганына жараша жол салып берүүгө баштанса керек. Зардалылыктар мурдатан эле топук эл болчу, кыйынчылыкка кабагым-кашым дебеген азаматтар. Пейилге жараша адамга ырыс конот деген чын. Зардалылыктардын зарын уга турган мезгил ушу быйылкы жыл болуп турганына кубанып жатам. Президент кино тартуучуларды кабыл алып тим болбой, барып, өз көзү менен көрүп, элине мамлекет тарабынан кандай камкордук керек болсо ошону жасап, мамлекетин канатына калкалайт деген ойду айтмакчымын.

Уланбек МАМРАЗАКОВ, жеке ишкер:

– Бул тасманы аягына чыкчыча мен аябай чыдамсыздык менен көрдүм. Канчалык кыйын шартта дегени менен Кыргызстандын керемет тоолору, жайлоолору жана сууларын көрүп, ал жакта жашагың келип кетет экен.XXI кылымда жашап, жол менен суу маселеси чечилбей жатканы өкүнүчтүү. Ошол кыйынчылыктарга карабай, туулган жердин топурагын коргоп, Мекенди ыйык тутуп, ал жакта жашаган туугандарга рахмат.

● Кесипкөй

# Эбин тапсаң, элетте да жумуш бар



Мээрим МЕЛИСБЕК кызы, «Кыргыз Туусу»

*Жаштардын арасында жумушсуздукту азайтуу жана кесипкөйлүгүн арттыруу максатында “Жаштардын тажрыйба топтоо программасы” деген аталыштагы долбоор ишке ашырылууда. Долбоор ЮНИСЕФ уюмунун, Улуу Британиянын Эл аралык өнүктүрүү министрлигинин каржылоосу астында КРнын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги жана “ИнСтрим” коомдук фонду тарабынан жүзөгө ашырылды. Долбоордун катышуучусу Оролбек кызы Зиягүл Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Кашка-Суу айылынын тургуну. Зиягүл бул долбоор тууралуу ой бөлүшүп, кызыктуу маек куруп берди.*

***–Зиягүл “Жаштардын тажрыйба топтоо программасы” долбооруна кандайча катышып калгандыгың тууралуу сөз кылсаң?***

– Мен Жалал-Абад облусуна караштуу Аксы районунун Кашка-Суу айылынан болом. Атам Оролбек Райымбеков 1942-жылы туулган. Азыркы күндө пенсияда. Апам Алымкулова Сабира 1967-жылы туулган. Кесиби боюнча информатика-экономика мугалими. Биз үй-бүлөдө беш бир тууганбыз. Менден улуу эжем, үч иним бар. Үчкемпир Турдубаев атындагы орто мектебинде 9-класска чейин окугам. Азыркы учурда ЖАГУнун Аксы районундагы колледжинде башталгыч класстарга билим берүү максатында билим алып, окуп жатам. Бул долбоор тууралуу Аксы районундагы жаштар борборунан укканмын. “Жаштардын тажрыйба топтоо программасы” долбооруна катышууну максат кылып, анкета толтурдум. Менин аталган долбоорго катышуума менин жакын санаалаш эжелеримдин салымы чоң. Бул долбоорго катышуу менен мен өзүмө бир топ тажрыйба топтодум. Иш тажрыйбамды (стажировка) Аксы райондук балдар китепканасында өткөрдүм.

***– Китепкана демекчи, азыркы күндө китепке кызыккан жаштар арбынбы?***

– Ооба, азыркы күндө жаш балдардын китепке кызыгуусу күч. Мен өзүмдүн жеке тажрыйбам менен бөлүшө турган болсом, № 2 “Келечек” балдар бакчасында болуп, жаш балдарга жомок окуп берип, алардын китепке болгон мамилесин байкай алдым. Кыргыз жазуучуларынан Аалы Токомбаевдин, ошондой эле дүйнөлүк жазуучулардын чыгармаларын дагы кызыгуу менен окуп, угушат. Мисалы, куу түлкү тууралуу жомок окуп берсем, “демек, биз түлкүдөй куу болбошубуз керек турбайбы” деп ой-жүгүртүп, туура чечим кабыл алышат. Жаш балдар ар дайым жомоктогу каармандар менен жашашат.

***– Азыркы күндө жаштардын көбү чет жерлерде мигрант катары жүрүшөт. Сени айыл жергеси эмнеси менен кармап турат?***

– Туура, азыркы күндө жаштардын көпчүлүк бөлүгү шаарга агылып, айыл жергесинде аздап саналат. Бирок, тыйындын эки тарабы бар сымал эле, айыл жергесинде окуп, татыктуу билим алган жаштар дагы көптөп саналат. Мисалы, мен өзүм үй-бүлөлүк шартка байланыштуу эле эмес, өзүмдүн каалоом менен дагы айыл жергесинде эле билим алууну эп көрдүм. Азыркы күндө, кудайга шүгүр, айыл жергесинде жүрүп эле окуп, иштеп турмуштук жагдайымды оңдоп жатам.

***– Жалал-Абад жергесинде жаштар жумуш менен камсыз болгонбу?***

– Ооба, “Жаштардын тажрыйба топтоо программасы” долбоору аркылуу көптөгөн айыл жергесиндеги жаштар жумуш менен камсыз болушту. Ошолордун катарында мен дагы Абдыкерим Алымов атындагы маданият үйүндө иштеп жатам. Учурдан пайдаланып бул долбоордун уюштуруучуларына, жалпы эле жаштар үчүн кам көргөн жарандарга ыраазычылык билдирем.

***– Өзүң курдуу жаштарга кандай кеңеш бересиң?***

– Учурдан пайдаланып жаштардын бардыгына ийгилик каалайм. Кудай берген өмүргө өкүнбөй, тагдырга таарынбай, жашоодон жаңылбай жүрө беришин каалайм. Ар дайым алга деген ураан менен жашасын.

**Блиц-анкета:**

Толук аты-жөнү – Оролбек кызы Зиягүл

Туулган жылы – 1999-жыл 11-май

Туулган жери – Жалал-Абад облусу, Аксы району, Кашка-Суу айыл аймагы

Кесиби – башталгыч класстардын мугалими

Үй-бүлөлүк абалы – бой

Учурда – Абдыкерим Алымов атындагы маданият үйүндө кызматкер болуп эмгектенет.